**И. Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университети**

**Б.Н. Ельцин атындагы Кыргыз-Россия Славян университети**

Д 05.23.664 диссертациялык кеңеши

Кол жазма укугунда
**УДК 691.54 (043.3)**

**Кульшикова Сауле Тюякбайевна**

# Күл-шлак калдыктарын пайдалануу менен алынган майда дандуу бетондордун жана композициялык чапташтыруучу заттардын рецептурасын жана касиеттерин оптималдаштыруу

05.23.05 - курулуш материалдары жана буюмдары

Техника илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын
изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын
**Автореферaты**

**Бишкек – 2025**

Диссертациялык иш И. Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университетинин курулуш материалдарын, буюмдарын жана конструкцияларын өндүрүү, экспертизалоо кафедрасында аткарылган.

**Илимий жетекчиси:** **Джусупова Махават Абдысадыковна**
техникалык илимдердин кандидаты, доцент,
И. Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университетинин курулуш материалдарын, буюмдарын жана конструкцияларын өндүрүү, экспертизалоо кафедрасынын доценти

**Расмий оппоненттер:**

**Жетектөөчү уюм:**

Диссертацияны коргоо 2025-жылдын __________ саат ___дө И.Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университетинин жана Б.Н. Ельцин атындагы Кыргыз-Россия Славян университетинин алдындагы техника илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденүүгө диссертацияларды коргоого багытталган Д 05.23.664 диссертациялык кеңешинин отурумунда, 720020, Кыргыз Республикасы, Бишкек ш., Малдыбаев көч., 34,б, Чоң жыйындар залы дареги боюнча өтөт, www.kstu.kg, тел: 0(312) 543561, факс: 0(312) 545162. Диссертацияны коргоонун видеоконференциясына https://vc.vak.kg/b/052-cxc-nsq-nbk шилтемеси аркылуу кирүүгө болот.

Диссертация менен И.Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университетинин (720044, Бишкек ш., Ч. Айтматов пр. 66) жана Б.Н. Ельцин атындагы Кыргыз-Россия Славян университетинин (720000, Бишкек ш., Киев көч., 44) китепканаларында жана Кыргыз Республикиасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиянын https://vak.kg/diss_sovety/d-01-22-652/ сайтында таанышууга болот.

Автореферат 2025-жылдын ____________ таркатылды.

Диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысы, т.и.к., профессор — Маданбеков Н.Ж.

## ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.** Учурда Кыргызстанда айлана-чөйрөнү коргоо жана жаратылыш ресурстарын рационалдуу пайдалануу маселеси өзгөчө курч болууда. Өлкөнү туруктуу өнүктүрүү концепциясына ылайык сырьелук ресурстарын өндүрүү муктаждыктарын канааттандырууда коомдук кызыкчылыктары жана азыркы, кийинки муундардын кызыкчылыктары эске алынышы керек.

Өндүрүштүн максаттары үчүн жаратылыш чөйрөсүнөн алынуучу көп сандагы минералдык чийки заттын болгону 1,5-2,0% ы гана даяр продуктыга айланат. Кыргызстанда Бишкек ЖЭБ (БЖЭБ) гана электрдик кубаттуулугу 666 МВт, жылуулугу 1443,9 Гкал/саат менен күн сайын 20-25 тонна күл жана ар түрдүү көмүр кычкылтек оксид кошулмаларын сыртка чыгарат. Жылына күл жана шлак калдыктары 300-350 миң тоннаны түзөт жана 178 гектар жер кыртышын ээлейт.

Өнөр-жай калдыктарын колдонууда чийки зат ресурстар курулуштун 40%га чейин муктаждыктарын канааттандырганга мүмкүндүк берээрин, ошондой эле табигый чийки заттардан алынган курулуш материалдары чыгымдарды өндүрүштөн алынганга караганда 10-30% га чейин төмөндөтүүгө мүмкүндүк берери аныкталган.

Салттуу чапташтыргыч катарында портландцементтин жана КШК толтургучунун базасындагы композит чапташтыргычтары эффективдүү алмаштыргыч боло алышат. Мындайча цементти өндүрүү цемент заводунда да, ошондой эле түздөн-түз товардык бетонду жана темир-бетон буюмдарын чыгаруучу ишканаларда жүргүзүлөт. Кызыкдар керектөөчүлөр үчүн күл шлак калдыктарын кондициясына жеткен продуктыга кайра иштетүү боюнча жабдыктарды түздөн-түз ЖЭБ орнотуу зарыл. ЖЭБ күл шлак калдыктарын кондициясына жеткирип пайдалаууга кызыкдар кардарлар үчүн кайра иштетүүчү боюнча жабдууларды орнотуусу зарыл. Бул маселенин үстүндө С.М. Зозенблит (1931-1932-жж.), П.П. Будников (1947-1949-жж.), Ю.М. Баженов (1963-1965-жж.), А.В. Волженский (1953-1955-жж.), Ю.М. Бутт (1974-1976-жж.), С.Г. Караханиди (1995-1999-жж.), М.Р. Нахаев (2011-2015-жж.) ж.б. окумуштуулар эмгектенишкен.

Экономиканын ресурстук көлөмдүк көрсөткүчтөрү боюнча дүйнөнүн алдыңкы мамлекеттеринен Кыргызстандын артта калуусунун негизги себеби болуп өндүрүштүк базанын өнүгүүсүнүн төмөн деңгээли, эски жабдууларды колдонуусу эсептелет. Технологиялык базанын начардыгынан улам кайра иштетилүүчү чийки заттын бир кыйла бөлүгү таштандыга айланып, көп топтолгон калдыктардын категориясына өтөт. Бирок көп калдыктар өз курамы жана касиеттери боюнча табигый чийки затка жакын.

Бул калдыктардын негизги керектөөчүсү материал менен энергияны абдан көп пайдаланган тармак катарын курулуш индустриясы боло алат.

Жогоруда баяндалганга байланыштуу курулуш тармагында КШКны (күл-шлак калдыктары) утилизациялоону интенсивдештирүү жана айлана-чөйрөнү тазалоо үчүн от жаккандан калган калдыктарды изилдөөнү системалаштыруу зарылдыгы пайда болду.

**Диссертациянын темасынын ири илимий программалар (долбоорлор) жана негизги илим-изилдөө иштери менен байланышы.** Аткарылган иш -демилгелүү иш болуп саналат.

**Изилдөөнүн максаты жана милдеттери.** Диссертациялык иштин максаты - күл-шлак калдыктарын пайдалануу менен композит чапташтыргыч заттарын жана майда бүртүк бетондорду алуунун технологиясын жана курамын иштеп чыгуу.

Коюлган максаттарга жетүү үчүн изилдөө ишинде төмөндөгүдөй маселелер чечилген:

– күл-шлак калдыктарынын химиялык-минералогиялык курамын жана негизги классификациялык белгилерин изилдөө;

– күл-шлак калдыктарын колдонуу менен композит цементтик чапташтыргыч заттардын структуралык курамынын физикалык-химиялык өзгөчөлүктөрүн изилдөө;

– механикалык активациянын таасирин, чапташтыргыч заттардын касиетине күл-шлак калдыктарды аралаштыруу ыкмаларын жана өлчөмүн изилдөө;

– ар түрдүү даражадагы калдыктар менен толтурулган композит чапташтыргыч заттарга цементти колдонуунун эффективдүүлүгүн баалоо;

– күл-шлак калдыктарынан алынган толтургучтардын негизги физикалык-механикалык касиеттерин изилдөө жана майда бүртүк бетондун оптималдуу курамын аныктоо;

– композит цементтик чапташтыргыч заттардын жана күл-шлак калдыктардан алынган толтургучтун негизинде майда бүртүк бетондун курамын иштеп чыгуу;

– композит чапташтыргыч заттардын жана алардан алынган буюмдардын технологиялык схемасын иштеп чыгуу жана экономикалык эффективдүүлүгүн аныктоо.

**Алынган жыйынтыктардын илимий жаңылыгы:**

1. күл-шлак калдыктарын сактоо шарттарына жана от жагылуучу агрегаттардан күл-шлак калдыктарын тандап алуу ыкмасына карабастан бирдей химиялык курамга ээ, бирок фазалык курамы менен айырмаланат. Фазалык курам болсо композит чапташтыргыч заттардын курамдык түзүлүш процесстерине таасир этет.
2. композит чапташтыргыч заттардын курамдык жана физикалык-механикалык мүнөздөмөлөрүнө күл-шлак калдыктарын аралаштыруу ыкмасы, активдештирүү убактысы, түрү жана өлчөмү таасир берген мыйзам ченемдүүлүктөр аныкталган;
3. композит чапташтыргыч заттарга портландцементти колдонуунун натыйжасы күл-шлак калдыктардан жасалган толтургучтан жана катуу (твердение) шарттарынан көз каранды экендиги аныкталган.

4. цемент-күлдүү жана цемент-күл-шлактуу чапташтыргычтар менен майда бүртүк бетон жасоо үчүн от жаккандан калган толтургучтун оптималдуу гранулометрикалык курамы аныкталган;

чаң сымал күл (таш көмүрдү жакканда пайда болгон жука, чаң сымал өтө майда күл – зола гидроудаления), күл-шлак калдыктары менен толтурулган композит чапташтыргыч заттардын негизги касиеттеринин эксперименттик-статистикалык моделдери алынган;

В7,5 - В20 классындагы жеңилдетилген майда бүртүктүү бетондун оптималдуу курамы аныкталган. Бул курамга композит цемент чапташтыргыч заттар менен күл-шлак аралашмасынан турган толтургучтар кирди.

**Алынган жыйынтыктардын практикалык маанилүүлүгү.** Теориялык жана эксперименттик изилдөөлөрдүн негизинде:

– чаң сымал күл (таш көмүрдү жакканда пайда болгон жука, чаң сымал өтө майда күл – зола гидроудаления) менен күл-шлак аралашмадан оптималдуу толтурулган композит чапташтыргыч заттар алынган;
– майда бүртүк бетон үчүн табигый кумду толук же жарым жартылай алмаштырууга боло турган от шлактарынан майда толтургучтун оптималдуу фракциялык курамы аныкталган;
– чаң сымал күл (таш көмүрдү жакканда пайда болгон жука, чаң сымал өтө майда күл – зола гидроудаления) менен күл-шлак аралашмадан ар түрдүү ар кыл өлчөмдө аралаштырып, композит чапташтыргыч заттардын оптималдуу курамы иштелип чыккан;
– рационалдуу фракциянын шлактуу толтургучу менен майда бүртүк бетондун оптималдуу курамы иштелип чыккан;
– композит чапташтыруучу заттардын жана майда бүртүк бетондордон буюмдарды өндүрүүгө ченемдик документация (технологиялык карталар) иштелип чыккан;
– иштин жыйынтыктары«Кум-Шагыл» жоопкерчилиги чектелген коомдо сыналган.

**Алынган жыйынтыктардын экономикалык маанилүүлүгү.** Жылына 10 000 т күл-цемент чапташтыргычты чыгаргандагы экономикалык натыйжа 3 422 300 сомду түзөт. Экономикалык эффект жылына 10 000 т күл-цемент-шлак чапташтыргычты чыгаруунун шартында 3 836 970 сомду түзөт. Экономикалык эффект 10000 даана шарттуу майда бүртүк бетондун В-15 (М200) дубал блогун чыгарууда 29 600 сомду түзөт.

**Коргоого коюлган диссертациянын негизги жоболору:**

- чапташтыргыч заттардагы жана МББ(майда бүртүктүү бетон) үчүн толтургуч катары колдонуу мүмкүнчүлүктөрүн баалоо үчүн күл-шлак калдыктарынын негизги физикалык-химиялык жана физикалык-механикалык мүнөздөмөлөрүн изилдөөнүн жыйынтыктары.
- цементтик матрицага КШКны (чан сымал күл (таш көмүрдү жакканда пайда болгон жука, чаң сымал өтө майда күл – зола гидроудаления) жана күл-шлактуу аралашма) киргизүүнүн эффективдүү ыкмасын баалоо жана

композит чапташтыргыч заттардын физикалык-механикалык касиеттерин изилдөөнүн жыйынтыктары.

- МББ майда бүртүк бетонду толтургуч катарын аларды колдонуунун жарактуулугун баалоо үчүн от жаккандан калган шлактардын мүнөздөмөлөрүн изилдөөнүн жыйынтыктары.
- чан сымал күл (таш көмүрдү жакканда пайда болгон жука, чаң сымал өтө майда күл – зола гидроудаления), же күл-шлак аралашмасы менен толтурулган ар түрдүү даражадагы композит чапташтыргыч заттардын оптималдуу курамдары.
- отун шлагынан майда толтургуч менен композит чапташтыргыч заттардын негизинде В7,5 - В20 класстарындагы МББнын (майда бүртүк бетондун) оптималдуу курамы.
- КШК менен толтурулган майда бүртүк бетонду жана композит чапташтыргыч заттарды өндүрүүнүн техникалык-экономикалык мүнөздөмөлөрү жана технологиялык схемасы.

**Изденүүчүнүн жеке салымы** чаң сымал күл (таш көмүрдү жакканда пайда болгон жука, чаң сымал өтө майда күл – зола гидроудаления) менен күл-шлактуу аралашманы пайдаланып, композит чапташтыргыч заттардын оптималдуу курамын иштеп чыгууда жана андан кайра майда бүртүк бетон өндүрүүдө. Автор эксперименттик изилдөөлөрдүн, кайра иштетүү жана аткаруу менен байланышкан иштердин уюштуруучусу жана аткаруучусу болуп саналат. Алынган маалыматтарды кайра иштеп чыгуу, мыйзам ченемдүүлүктөрдү аныктоо, алынган жыйынтыктарды практикалык ишке ашыруу үчүн документацияларды даярдоо, автор тарабынан аткарылган илимий изилдөөлөр боюнча негизги жоборлор, корутундулар жана сунуштамалар иштелип чыккан.

**Диссертациянын жыйынтыктарынын сыналышы.** Изилдөөнүн негизги жоболору жана айрым бөлүмдөрү республикалык жана эл аралык илимий-техникалык конференцияларда баяндалган: Regional Academy of Management European Scientific Foundation Institute Materials of theII International scientific-practical conference «THE EUROPE AND THE TURKIC WORLD: SCIENCE, ENGENEERING AND TECHNOLOGY» (Izmir, 2017-ж.);«ИЛИМИЙ ИЗИЛДӨӨЛӨР» эл аралык илимий-практикалык конференция (Шымкент ш., 2017-ж.); «Курулуш конструкцияларынын актуалдуу көйгөйлөрү жана келечектүү өнүгүүсү: инновациялар, модернизация жана курулуштагы энергоэффективдүүлүк» биргелешкен эл аралык илимий-практикалык конференциянын материалдарынын жыйнагы (Алматы ш. 2018-ж.); «Заманбап чакырыктар:курулуш тармагын инновациялык өнүктүрүү, аны санариптештирүүнүн жана стандартизациялоонун көйгөйлөрү» эл аралык-практикалык конференция (Бишкек ш., 2019-ж.); «Membership in the WTO: Prospects of Scientific Researches and International Technology Market» Materials of the IV International Scientific-Practical Conference, (Vancouver, 2019-ж.);

«Курулуш композиттерин моделдөө жана оптимизациялоо» эл аралык семинар (Одесса ш., 2019-ж.).

**Диссертациянын жыйынтыктарынын басылмаларда толук чагылдырылышы.** Изилдөөнүн жыйынтыктары боюнча 20 илимий эмгек басылмаларда, анын ичинде чет элдик РИНЦ басылмаларында 7 эмгек, SCOPUSта 2 эмгек басылып чыккан,

**Иштин курамы жана көлөмү.** Диссертация киришүүдөн, 5 главадан, корутундудан жана 229 аталыштан турган адабияттын тизмесинен, 3 тиркемелерден турат. Диссертация 187 бетке баяндалган, 41 сүрөттү жана 40 таблицаны камтыйт.

## ИШТИН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

**Киришүүдө** жүргүзүлгөн изилдөөнүн актуалдуулугу негизделген жана көйгөйү аныкталган, иштин жаңылыгынын кыскача мүнөздөмөсү жана практикалык мааниси келтирилген.

**«Чапташтыргычтарга жана бетондорго күл-шлактуу калдыктарды колдонуу боюнча аналитикалык обзор» деген аталыштагы биринчи главада** чапташтыргычтарда жана бетондордо күл-шлактуу калдыктарды колдонууга обзор жасалган, аларда отунду күйгүзүү түрүнө жана шарттарына көз каранды жана көп түрдүүлүгү менен айрымаланган, алардын негизинде продукциянын сапатына ар түрдүүчө таасир берүүсү боюнча аналитикалык обзорго арналган. Бул болсо ар бир калдыктын түрү үчүн аларды даярдоонун өзгөчө методдорун иштеп чыгуу керектигине алып келет.

Цементке ар түрдүү минералдык кошулмаларды (МК) кошуу мүмкүнчүлүгүн өз изилдөөлөрүндө В.Н. Юнг илимий негиздеген. Цемент ташы тууралуу сунуштарды өнүктүрүүдө, ал «микробетон» деген аталышында катып калган цемент ташы чоң сандагы цементтин реакция кылбаган дандары камтылгандыгын далилдеген, аларды тиешелүү минералдык кошулмалардын (МК) фракциялары менен жоготуусуз алмаштырууга мүмкүн экендигин билдирген.

Цементтик системаларга ичке диспенсирлүү МК колдонуунун негизги жоболорун В. А. Кинд, В. Н. Юнг, П. П. Будников, Ю. М. Бутт негиздешкен. Бул илимий багыттын өнүгүшүн Н. И. Федынин, А. В. Волженский, М. М. Сычев, В. И. Соломатов, Л. И. Дворкин, В. Г. Батраков, Ю. М. Баженов, В. И. Калашников, Р.В.Лесовик ж.б. улантышкан. Ата мекендик техногендик чийки затты колдонууну боюнча иштелмелер С.Г. Караханиди, А.А. Ассакунова Б.Т., А.А.Абдыкалыковго тиешелүү.

Композит материалдардын курамдык түзүлүштөрүн изилдөө процесстерин дисперстик системалардын физикалык-механикалык жобонун негизинде кароо максаттуу болот. Өзүнчө эркин мейкиндик курамдык түзүлүштүн өнүккөн үстүңкү катмар жана жогорку концентрация менен ,диперстик системалар менен мүнөздөлөт, алар үчүн негизги курамдык-механикалык касиеттер алдына-ала аныктайт.

Берилген касиеттер менен композит материалдарды (КМ) негизи болуп «багытталышы-касиет-түзүм» эсептелет. Касиеттерди башкаруу, б.а. берилген касиеттеги комплексти алуу сырьену туура тандап алуудан, талап кылынуучу касиеттерди алуу үчүн ага зарыл болгон технологиялык касиеттерди берүү менен андан ары компоненттерди технологиялык кайрадан иштеп чыгуудан турат. Өз кезегинде, бул үчүн микро жана ошондой эле макро деңгээлде толтурулган системаларды тереңдетилген теориялык изилдөөлөрдү жүргүзүү керек. Бөлүкчөлөрдүн сандык мүнөздөмөлөрдү аныктоо менен жаратылыштын, өлчөмдүн, форманын, физикалык-химиялык касиеттердин таасир берүүсүн аныктоо жана ар түрдүү табияттагы чапташтыргычтардын катуу кинетикасын жана механизмдерин изилдөө керек.

Бетондун минералдык компоненттерин толтуруучуларга жана толуктоочуларга бөлүү принципиалдуу ар түрдүү, алардын курамдык түзүүдөгү, физикалык-механикалык процесстердеги ролун чагылдырат, мында толтуруучуларга үстүңкү бети жогорку модулу менен порошоктор кирет, ал эми толуктоочуларга 50 мм жана андан ашык өлчөмдүү бөлүкчөлөр кирет. Толтуруучулар курчап турган материалда деформация талаачаларын жана чыңалууну жаратпашы керек, алардын өлчөмдөрү байланыштыруучунун курамын уюштуруунун физикалык-механикалык процесстерине катышууга мүмкүндүк берет.

Көп жылдардан бери активдүү минералдык кошулмалар цементке жана бетонго ийгиликтүү колдонулуп келет. Аларды максаттуу модификациялоодо алар курулуш конструкцияларынын жана курулмаларынын өз бекемдигин жогорулатууга, ийилгичтигине, суукка туруктуулугуна, көпкө сакталууга жөндөмдүүлүгүнө түрткү берет. Негизги булак болуп отун-энергетикалык өнөр-жай өндүрүшүнүн техногендик калдыктары эсептелет.

Көп жылдар ичинде Кыргызстанда миллиард тоннадан ашуун күл-шлактуу калдыктар (КШК) топтолгон. МК, КШК колдонуу боюнча теориялык жоболорго жана практикалык тажрыйбага таянып, цементке толтуруучулар жана бетондорго ар түрдүү багыттагы кошулмалар түрүндө ийгиликтүү колдонулушу мүмкүн.

**«Чийки заттын мүнөздөмөсү жана эксперименттик изилдөөлөрдү жүргүзүүнүн методикасы» деген аталыштагы экинчи главада** изилдөөнү жүргүзүүнүн курамдык-методологиялык моделин иштелип чыгуу берилген.

**Изилдөө объектиси:** композит чапташтыргыч заттар жана майда бүртүк бетон.

**Изилдөө предмети:** портландцемент, гидравликалык күл чыгаруу, күл шлак аралашмасы жана от жаккандан калган күл калдыгы.

Композит чапташтыргыч заттарды алуу үчүн КЦШК ПЦ400 Д20 цемент колдонулган, минералогиялык курамы %: $C_3S$ - 63,3; $C_2S$ -15,9; $C_3A$ - 5,4 и $C_4AF$ - 12,5.

Толтуруучу катарында от казандарынан алынган күл-шлактуу калдыктар (КШК) колдонулган, алар тандалышына, күйүүсүнө жана сакталышына жараша: гидро жок кылуучу күл жана күл-шлактуу аралашма деп бөлүнгөн.

Химиялык курамы %: $SiO_2$ -52.09%; $Al_2$ $O_3$-20,0%; $Fe_2O_3$ -2,23; CaO -5,74 ж.б.б.б. - 11.

Майда бүртүк бетон (МББ) үчүн толтуруучу катарында Васильевский кен казуучу жерден алынган табигый талаа шпаттуу кум колдонулган, ал кезектиги боюнча $М_к$ - 2,52 ээ жана минералогиялык курамы (%): кварц -56,69; талаа шпаты -12,23; кочкул түстөгү минералдар -18,8; слюда- 0,4. Отун шлагына (ОШ) индекстелген КШК курамына кирет жана күлдүк түзүүчүдөн турат (күлдүн жана шлактын бөлүгү 0,315 мм кем эмес өлчөм менен) шлактуу, кумду кошкон – 0,315 дан 5 мм чейин жана шлактуу шагыл –дандары 5 мм жогору. Химиялык түзүм %: $SiO_2$ - 54,95; $Al_2O_3$ - 20,56; $Fe_2O_3$ - 1,06; FeO - 3,96; CaO - 7,67; MgO - 2,22; $SO_3$- 0,17; $TiO_2$- 0,88; MnO - 0,10; $K_2O$ + $Na_2O$- 3,6; ппп- 4,07.

Физика-химиялык изилдөөлөр эриткич-электрондук микроскопияны, рентгенфазалык жана анализдөөнүн дифференциалдуу-термикалык методдорун колдонуу менен жүргүзүлгөн.

Композит чапташтыргыч менен майда бүртүк бетонду эксперименттик изилдөөлөрдүн жыйынтыктарынын анализи эксперименттик-статистикалык моделдөө методдорун колдонуу менен жүргүзүлгөн.

**«Отун калдыктарын колдонуу менен композит чапташтыргыч заттардын курамын изилдөө жана оптималдаштыруу» деген аталыштагы үчүнчү глава** КШКнын химиялык жана фазалык курамын изилдөөгө жана күл-шлак калдыктарын колдонуунун багыттарын аныктоого арналган жана негизги классификациялык белгилер аныкталган: кычкылдануу модулу, негиздүүлүк модулу, силикаттуу (кремдүү модуль) модуль, активдүүлүк модулу жана сапат коэффициенти. КШК көп сандагы оксид кремнийи бар жана аз сандагы эркин кальцийдин оксиди бар стабилдүү эмес химиялык курамы менен кычкыл типке кирери аныкталган. Мындай күлдөр өз алдынча чапташтыргыч касиетке ээ эмес, бирок CaO пуццолан активдүүлүккө ээ. Күлдүн орточо себилүүчү тыгыздыгы 800-850 кг/$м^3$, накта тыгыздыгы 1,82-2,20 г/$см^3$, күлдүн орточо үстүнкү 2230-2250 $см^2$/г түзүлөт.

Күлдү айланма тегирменде майдалоодо анын жеңил майдаланышы байкалган. Жарым сааттын ичинде $S_{уд}$. күл цементтин дисперстүүлүгүнө жетет (310 $м^2$ /кг). Бир сааттык майдалоодо $S_{уд}$ күл 360 $м^2$/кг, ал эми 1,5 саатта 380 $м^2$/кг жетет. Андан ары майдалоодо дисперстүүлүктүн өсүүсү басаңдайт, үч сааттык майдалоодо $S_{уд}$ күл 390 $м^2$/кг чегинде калат, б.а., 1,5 сааттан кийин айланма тегирменде ГУ күлдүн диспертүүлүгүн көрсөткүчү басаңдайт.

Цементтин жана күл-цементтүү таштын гидратация даражасы боюнча комплекстүү метод менен химиялык байланышкан суунун саны 1; 3; 7; 28 жана 150 күндүк курактагы эркин акиташтын үлгүлөрүндө аныкталган. Эгерде цементке 150 суткада CaO 5,18% түзсө, анда күл-цементтүү таштардын үлгүлөрүндө 0,3% түздү.

Изилденип жаткан күлдүн фазалык түзүлүшүн изилдөө – d-$SiO_2$ d = 4,24; 3,34; 2,44; 1,81; Å, муллита ($3Al_2O_3 \times 2 \times SiO_2$) d = 5,39; 3,35; 2,86; 2,52; 2,19 Å көрсөттү жана карбонаттар кальциттин түзсүз майда түзүлүшү ($CaCO_3$) жана доломиттину ($MgCO_3 \cdot CaCO_3$) менен берилген. Дериватограмма рентгенографикалык анализдин маалыматтарын тастыктайт жана күлдүн

органикалык эмес бөлүгүнүн туруктуулугу тууралуу ойлонууга негиз берет. Күл заттык курамы боюнча аморфтолгон чопо заттардан жана кварцтын сындырылган бүртүктөрүнөн, талаа шпатынан, кальций жана магний карбонатынан турган айнек сымал жана кристалл фазалардан турат, ошондой эле эки кальцийлүү силикаттан, алюминат кальцийден, муллиттен ээрүүсүнөн бөлүнүп чыккан заттардан турат. Шлактуу гравий негизинен айнек түрдүү фазалардан турат: CaO $–Fe_2O_3$-$SiO_2$ системасына тиешелүү сарыраак айнек; күңүрт, кочкул түстүү жана кара, фазалуу айнек (20-30%); кристалликалык түзүлүш бар экендиги белгиленет (кварц, кальцит, муллит, магнетит, $C_2S$; CA ж.б.). Күлдү механикалык активдештирүүнүн жыйынтыгында ичке дисперстүү күлдүн пуццоландашуу натыйжасы күчөйт.

КШКны чапташтыргыч заттарды чыгаруу өндүрүшүндө колдонууну эки багытта жүргүзүүгө мүмкүн: түздөн-түз цемент заводундагы клинкерге цементтин маркасын төмөндөтпөй активдүү минералдык кошулмалар катарында жана анын ченемдик мүнөздөмөлөрүн өзгөртпөй алдына-ала же биргелешкен активация менен (майдалоо) цементке толтургуч катарында колдонсо болот.

Берилген изилдөөдө отун калдыктарынын (чан сымал күл (таш көмүрдү жакканда пайда болгон жука, чаң сымал өтө майда күл – зола гидроудаления), жана КШК) негизги физико-механикалык мүнөздөмөлөрү изилденген ($ЦЗВ_м$; $ЦЗВ_и$; $ЦЗШВ_м$; $ЦЗШВ_и$ ) композит чапташтыргыч заттардын аларга цемент менен майдаланган калдыктарды киргизүүнүн (механикалык) ар түрдүү ыкмалары же аларды чогуу аралаштыруудагы (майдалоо) таасири изилденген.

Баштапкы этапта чан сымал күл (таш көмүрдү жакканда пайда болгон жука, чаң сымал өтө майда күл – зола гидроудаления), же күл-шлактуу аралашма менен толтурулган композит чапташтыргычтардын негизги физика-механикалык касиеттери изилденген жана КШКны алдына-ала цемент менен активдештиргенден кийин аларды колдонуунун натыйжалуулугу жогорулаганы аныкталган.

Күл-цементтүү чапташтыргычтын ($КЦЧ_и$) негизги касиеттерин цемент менен майдаланган күл толтуруучунун санына жана даражасына болгон таасирин мындан ары изилдөө үчүн эки факторлуу эксперимент ишке ашырылган, анда варьирлөөчү фактор катарында төмөндөгүлөр кызмат кылышкан: $X_1$ – күлдүн саны 20 ± 10 % жана $X_2$- майдалоо убактысы 1± 1 саат. Эксперименттердин чыгуучу параметрлери катарында тандалып алынгандар:кармап калуу мөөнөтү, саат (башталышы -$Y_1$), (аягы- $Y_2$), ТВО ($Y_3$) кийинки тыгыздыгы жана 28 күндөн кийинкиси ($Y_6$) жана ийүү жана кысуу бекемдиктери, МПа ($Y_4$ - $R^{тво}_{ийү}$ ; $Y_5$ - $R^{тво}_{кыс}$; $Y_7$ - $R^{28күн}_{ийү}$ МПа; $Y_8$- $R^{28күн}_{кыс}$), $Y_9$ - жумшартуу коэффициенти Кр.

Эксперименттин жыйынтыктары боюнча касиеттердин математикалык модели $ЦЗВ_и$ жана алардын графикалык үлгүлөрү алынган:

$Y_1$ (карм.баш) = $3,88 + 0,39\,x_1 – 0,65x_1^2 – 0,72\,x_2 + 0,75\,x_2^2 – 0,55\,x_1x_2$ (1)

$Y_2$ (карм. аягы) = $9,33 + 0,32\,x_1 + 0,94x_1^2 – 0,68\,x_2 + 0,05\,x_2^2 – 0,28\,x_1x_2$ (2)

$Y_3$ ($\rho^{тво}$) = $2,21 – 0,02\,x_1 – 0,001x_1^2 – 0,007\,x_2 + 0,01\,x_2^2 +0,007\,x_1x_2$ (3)

$Y_4$ ($R^{тво}_{ийү}$) = $5,60 + 0,41\,x_1 + 0,22x_1^2 + 0,07\,x_2 - 0,03\,x_2^2 - 0,03\,x_1x_2$ (4)

$Y_5$ ($R^{тво}_{кы}$) = $21{,}23 - 1{,}3\, x_1 + 0{,}1x_1^2 + 3{,}65\, x_2 - 1{,}25\, x_2^2 + 0{,}53\, x_1x_2$ (5)

$Y_6$ ($\rho^{28}$) = $2{,}158 - 0{,}018\, x_1 - 0{,}002x_1^2 + 0{,}01\, x_2 + 0{,}013\, x_2^2 + 0{,}002\, x_1x_2$ (6)

$Y_7$ ($R^{28күн}_{ийү}$) = $5{,}23 + 0{,}01\, x_1 + 0{,}13x_1^2 + 0{,}04\, x_2 + 0{,}30\, x_2^2 - 0{,}25\, x_1x_2$ (7)

$Y_8$ ($R^{28күн}_{кы}$ ) = $31{,}91 - 2{,}79\, x_1 - 0{,}14x_1^2 + 6{,}23\, x_2 - 4{,}71\, x_2^2 - 0{,}92\, x_1x_2$ (8)

$Y_9$ (Кр) = $1{,}15 - 0{,}02\, x_1 - 0{,}06x_1^2 + 0{,}0762\, x_2 + 0{,}04\, x_2^2 + 0{,}042\, x_1x_2$ (9)

Моделдердин коэффициенттердин анализи (1) жана (2) күлдүн цемент менен болгон узак майдаланышы ($x_2$ = +1) кармап калуусун төмөндөтөт, чапташтыргычтын сызыктуу эффекти ($b_2$ = - 0,72 и $b_2$ = 0,68) көрсөттү, ал эми күлдүн максималдуу концентрациясы ($x_1$ = +1) кармап калуу мөөнөтүн жогорулатууга алып келет $Y_1$ и $Y_2$ ($b_1$ = 0,39 и $b_1$ = 0,32).

Цементтүү таш микро-,макрокристаллдардан жана гел сымал массадан тураары белгилүү. Күл-цементтүү таштын курамынын чоңураак тыгыздыгы бүртүк аралык боштуктардын азыраак өлчөмүндө камсыздалат. ТВОдон кийин чапташтыргычтын тыгыздыгы 2,2 дан 2,16 г/см$^2$ чейин чапташтыргыч күл менен толтурулушуна жараша тыгыздыгы төмөндөйт, ал эми 28 күндүк катууда (1-сүр.) 2,17 дан 2,14 г/см$^2$ чейин болоору аныкталган.




1-сүрөт. Күл цементтүү чапташтыргычтын КЦЧ үлгүлөрүнүн тыгыздыгы ($\rho^{28}$), ТВО ($R^{тво}_{кыс}$) кийинки жана 28 күндүк ($R^{28сут}_{кыс}$ ) тыгыздыгы

Чапташтыргычты 30% күл менен толтуруу бир нече жогорулайт $R^{тво}_{ийү}$ 5,0 дан 6,5 МПа чейин, ал эми тыгыздыгы $R^{тво}_{кыс}$ кысууга карата ЦЗВ$_м$ активациясыз бир аз гана 18,5 дан 16,0 МПа чейин төмөндөйт, катуунун 28 күндүк үлгүлөрү үчүн $R^{28күн}_{кыс}$ 21,0…22,0 МПа бирдей бойдон калат.

Цементти 1 саатта 10-20% ГЖ менен акивациялоодо ЦЗВ$_и$ чапташтыргыч менен камсыздайт жана таза цемент менен теңме-тең $R^{28күн}_{кыс}$ = 30-33 МПа бекемдейт.

Цементти 2 саат 30% күл менен майдалоодо ЦКЧ бекемдиги 16 дан 23 МПа чейин өсөт, б.а. 50% га. Бекемдиги боюнча чоңураак техникалык эффект ЦЗВ$_и$ $R^{28күн}_{ыкс}$ = 37 МПа 2 саат цементти 10% күл менен активациялоодо камсыздалат.

Эксперименттин бардык планынын 9 чекиттеринде бардык чапташтыргычтар үчүн жумшартуу коэффициенти Кр $\geq$ 1,0 канааттандыраарлык болгон.

КШЧ ден толтуруучу менен КЦКЧ чапташтыргычтын курамын оптималдаштыруу касиеттердин (10-15) ЦЗШВ$_и$ математикалык моделдеринин

эсептелген коэффициенттери жана алардын номограмм түрүндөгү графикалык үлгүлөрү боюнча жүргүзүлгөн (сүр.2).

$Y_1$ (нач.схв.) = $2{,}59 + 0{,}21\,x_1 - 0{,}08x_1^2 - 0{,}58\,x_2 + 0{,}18\,x_2^2 - 0{,}01\,x_1x_2$ (10)

$Y_2$ (конец.схв.) = $5{,}61 + 0{,}49\,x_1 - 0{,}67x_1^2 - 0{,}37\,x_2 + 0{,}23\,x_2^2 + 0{,}01\,x_1x_2$ (11)

$Y_{(3)}$ ($R^{тво}_{изг}$) = $4{,}65 - 0{,}34\,x_1 + 0{,}16x_1^2 + 0{,}56\,x_2 + 0{,}45\,x_2^2 - 0{,}35\,x_1x_2$ (12)

$Y_{(4)}$ ($R^{тво}_{сж}$) = $19{,}4 - 2{,}25\,x_1 + 0{,}05x_1^2 + 1{,}99\,x_2 - 1{,}96\,x_2^2 - 0{,}65\,x_1x_2$ (13)

$Y_{(5)}$ ($R^{28сут}_{изг}$) = $7{,}10 - 0{,}81\,x_1 - 0{,}52x_1^2 + 0{,}44\,x_2 - 0{,}92\,x_2^2 - 0{,}17\,x_1x_2$ (14)

$Y_{(6)}$ ($R^{28сут}_{сж}$) = $29{,}88 - 4{,}90\,x_1 + 0{,}90x_1^2 + 4{,}28\,x_2 - 0{,}38\,x_2^2 + 2{,}44\,x_1x_2$ (15)

Үлгүлөрдүн бекемдиги ЦЗШВ $Y_4$ ($R^{тво}_{кыс}$) (2-сүр.) КША концентрациясынын жогорулашына жараша төмөндөйт ЗШС: 20,5 дан МПа 17,5 МПа чейин механикалык аралаштырууда; 1 саат $R^{тво}_{кыс}$ майдалоодо 22 дан 17 МПа чейин төмөндөйт; 2 саатта 25 дан 20 МПа га чейин. 10-30% КША толтуруучу менен чапташтыргычтын бекемдиги $R^{тво}_{кыс}$ 2 саат майдалоодо 19,5 дан 25 МПа чейин жана 19,0 дан 23 МПа чейин жогорулайт.




2-сүрөт. Күл-цемент шлактуу чапташтыргычтын үлгүлөрүнүн КЦШЧ ТВО ($R^{тво}_{сж}$) кийинки бекемдик, 28 күндүк ийилүү ($R^{28күн}_{ийү.}$), кысуу ($R^{28күн}_{кыс}$)

КША курамында 10% бекемдигин жогорулатуучу чапташтыргыч 2 саатка чейин 20,5 до 25 МПа майдалоо убактысын жогорулатуу менен мүмкүн болот. Ал эми КША 50% концентрациясында 2 саат биргелешкен майдалоодо бекемдиги 18 дан 20 МПа чейин болуп, анчалык байкаарлык деле эмес. КЦШЗ активациялоо ийилүүгө бекемдикти жогорулатат жана $R^{28күн}_{ийү}$ = 7,2 МПа максималдуу, ал эми КШК жогорулашы менен 5,2…5,6 МПа чейин төмөндөшү байкалууда. Кысуудан кийинки бекемдик 28 күндөн соң 50% чейин толтуруучу менен майдаланбаган чапташтыргычтын катышы 33 дөн 20 МПа чейин төмөндөйт. Ал эми 2 сааттык майдалоо бул эффекти 37 дан 32 МПа га чейин төмөндөтөт. КША 50% максималдуу толтуруу үчүн жана активдүүлүгү 29-32 МПа болгон чапташтыргыч КЦШЗ алуу үчүн милдеттүү болгон технологиялык ыкма болуп 1,5 – 2 саат майдалоо экендиги аныкталган.

Ошентип, цементтеги толтуруучунун санын жана майдалоо убактысын жөнгө салуу менен композит чапташтыргычтын керектүү маркасын алууну камсыз кылууга мүмкүн болот.

Гидро жок кылуучу күлдүн толтуруучуларын жана күл-шлак аралашмаларын колдонуунун максаттуулугу каралып жаткан чапташтыргычтарда цементти колдонуунун эффективдүүлүк коэффициенти боюнча бааланган. $К_{эф}$ эсептөө үчүн ККУ кийинки бекемдөөнүн

жыйынтыктары жана 10-50 % күл калдыктарынын ($ЦЗВ_{м}$; $ЦЗВ_{и}$; $ЦЗШВ_{м}$; ЦШЗВи) 28 күндөн кийинки курактагы цемент колдонулган.

Изилдөөлөрдүн жыйынтыктары боюнча (3-сүр.) чоңураак $К_{эф}$ цементтин жана күл-шлактуу аралашмасын аралаштырып майдалоосунан алынган чапташтыргыч үчүн мүнөздүү экендиги аныкталган.

КША концентрациясына жараша $К_{эф}$ 0,383 дан 0,563 чейин өзгөргөн. Цементтин жана күлдүн ГЖ негизинде чапташтыргыч үчүн $К_{эф}$ эффективдүүлүк коэффициенти 0,335 дан 0,432 чейин өзгөрөт. Мында цементке толтуруучуларды колдонуунун эффективдүүлүгү КША катуу шартында жогорулайт.




| | 0 | 10 | 30 | 50 |
|---|---|---|---|---|
| ЦЗВм | 0,335 | 0,238 | 0,261 | 0,203 |
| ЦЗВи | 0,335 | 0,363 | 0,304 | 0,432 |
| ЦЗШВм | 0,335 | 0,367 | 0,397 | 0,386 |
| ЦЗШВи | 0,335 | 0,383 | 0,412 | 0,563 |

3-сүрөт. Цементтин чапташтыргычта 28 күн катыган соң колдонуунун эффективдүүлүк коэффициенти ($К_{эф}$.): ЦЗВм, ЦЗВи, ЦЗШВм, ЦЗШВи.

Курулуш материал таанууда КШК кайра иштетүүнүн бирден-бир багыттарынан болуп жеңил толтууручуларды жана алардын негизинде бетондорду алуу эсептелет. Изилденип жаткан отун шлактарынын запастарын алгылыктуу маанисин эске алуу менен күл-шлактуу аралашмалардын жана жанчылган шлактын толтуруучулардын физика-механикалык мүнөздөмөлөрү изилденген. КШК толтуруучулар силикаттуу жана темирлүү кыйроого карата туруктуулукка ээ экендигин сыноолор көрсөттү. Майда фракциялар үчүн (0-5мм) сууга карата муктаждык 4,83...12,3 жана бекемдик 1,64 -0,38 МПа; (5-10мм) фракциялар үчүн сууга карата муктаждык 9,5-9,0 жана бекемдик 1,64 - 0,38 МПа, шлактан толтуруучу жана КШК карата да ошондой эле болот.

**«Отун калдыктарын колдонуу менен композит чапташтыргычтарда жана толтургучтарда майда бүртүк бетондун курамын иштеп чыгуу» деген аталыштагы төртүнчү глава** композит чапташтыргыч заттардын жана КШКдан алынган майда толтургучтардын негизинде майда бүртүк бетондорду иштеп чыгууга арналган.

Алдына-ала изилдөөлөр ар түрдүү концентрациядагы 10, 30, 50% цементтин жана күл калдыктарынын биргелешкен майдаланышынын эффективдүүлүгүн көрсөттү. Андыктан МББ курамын иштеп чыгуу боюнча мындан аркы изилдөөлөр КШК менен активдештирилген композит чапташтыргычтарда жүргүзүлгөн.

Чапташтыргычтардын негизиндеги ($ЦЗВ_и$) жана ($ЦЗШВ_и$) МББ физико-механикалык мүнөздөмөлөрү алдына-ала ар түрдүү фракциялардагы майда толтуруучуга карата (кум, шлак) ар түрдүү катыштагы 7 түзүмдө каралган. Отун шлактан алынган майда толтуруучу алдына-ала жанчылган жана 5-10 мм жана 0-5 мм фракцияларга бөлүнгөн. Гидро жок кылуучунун күлү же күл-шлактуу аралашма толтуруучу менен цементтин аралашма түрүндөгү чапташтыргыч 1 сааттын ичинде майдалоого дуушар болгон.

Изилдөөлөрдө композит чапташтыргычтардагы жана шлактагы ар түрдүү катыштардагы 7 түзүмдү тандап алабыз.

$ЦЗВ_и$ жана $ЦШЗВ_и$ майда бүртүк бетондор ТВО кийин жана 28 күндүк ченемдүү катуудан кийин октук кысуулар сыналган. Ага ылайык тыгыздык, В/Ц жана аралашманын кыймылдуулугу катталган.

4-сүрөттө ар түрдүү даражадагы толтуруучудагы $ЦЗВ_и$ чапташтыргычтардагы жана жети түзүмдөгү шлактуу толтуруучудагы МББ бекемдик көрсөтүлгөн. Чоңураак бекемдикке 1,2,6 жана 7 үлгүдөгү түзүмдөр 10% толтуруучу менен 28 күндөн кийин $R_{сж}^{28}$ = 20,8; 21,2; 26,2; и 21,6 болгон.

Бекемдиктин жогорку көрсөткүчү 26,2 МББ № 6 түзүмдө аныкталган, 30, 50% дагы толтуруучуда $R_{сж}^{28}$= 23,4 и 18,64 МПа. Ал эми № 1, 2 и 7 түзүмдөрдө $R_{сж}^{28}$= 17,7; 16,8 и 14,4 МПа (30% толтуруучу). И $R_{сж}^{28}$= 15,7; 16,2 и 10,2 МПа (30% толтуруучу).




4-сүрөт. $ЦЗВ_и$ жана отун шлактан толтуруучу МББ нын 28 күндүк катуусу

МББ жылуулук-нымдуу кайра иштетүүдөн кийин ($ЦЗВ_и$ күл менен 10%) № 6 түзүм бекемдиктин чоңураак көрсөткүчүн көрсөткөндүгү белгилүү керек $R_{сж}^{тво}$ = 24,3 МПа жана № 7 түзүм үчүн $R_{сж}^{тво}$ = 20,3 МПа. Андан ары № 1 түзүм

$R^{\text{тво}}_{\text{сж}}$ = 16,2 МПа камсыздайт жана № 2 курамы үчүн $R^{\text{тво}}_{\text{сж}}$ = 14,75 МПа, мында толтуруучу катарында одоно шлак (5-10 мм) колдонулган. Шлактуу толтуруучудагы МББ тыгыздыгы табигый кумдардагы үлгүлөрдөн тыгыздыгы төмөн болот.

